**“Бекитилген”**
**Кыргыз Республикасынын**
**Адвокатурасынын Адвокаттардын**
**үчүнчү кезектеги съездинин**
**чечими менен**
**2024-жылдын 27-январы**

# Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Адвокаттар кеңеши жөнүндө жобо

Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Адвокаттар кеңеши жөнүндө ушул Жобо (мындан ары – Жобо, Адвокаттар кеңеши жана Адвокатура) Кыргыз Республикасынын Конституциясына, “Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык ишмердик жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамына (мындан ары – Адвокатура жөнүндө мыйзам), Кыргыз Рспубликасынын Адвокаттарынын уставына ( мындан ары – Устав), Кыргыз Республикасынын Адвокаттарынын кесиптик этикасы кодексине негизделген. Жобо Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Адвокаттарынын съезди тарабынан бекитилет (мындан ары – Съезд).

## I. Адвокаттар кеңеши

1. Адвокаттар кеңеши Адвокатуранын коллегиалдуу аткаруучу органы болуп саналат жана Адвокатуранын мүчөлөрүнүн ичинен адвокаттык иште беш жылдан кем эмес стажы бар 9 адам жашыруун добуш менен Адвокаттардын съездинде үч жылдык мөөнөткө шайланат. Адвокат Адвокаттар кеңешинин мүчөлүгүнө катары менен эки мөөнөттөн ашык шайлана албайт.

2. Адвокаттар кеңеши өз курамынан Кеңештин жалпы санынын көпчүлүк добуштары менен жашыруун добуш берүү аркылуу төраганы жана анын орун басарын шайлайт. Эгерде эки же андан көп талапкердигин койгон талапкерлердин ичинен бирөөсү дагы зарыл сандагы добуштарды албаса, анда добуш берүүнүн экинчи туру өткөрүлөт, ага көбүрөөк санда добуш алган эки талапкер катышат. Добуштар тең болуп калганда экинчи талапкердин экинчи турга катышуу маселеси чучу кулак кармоо жолу менен

чечилет. Экинчи турда Адвокаттар кеңешинин мүчөлөрүнүн жалпы санынын ичинен көпчүлүк добуш алган талапкер шайланды деп эсептелет. Бир эле талапкер шайлоого катышкан учурда, эгерде ал Адвокаттар кеңешинин мүчөлөрүнүн жалпы санынын ичинен жарымынан көбүрөөк добуштарды алса шайланды деп эсептелет.

3. Адвокаттар кеңешинин төрагасы Адвокаттар кеңешинин атынан бардык документтерге кол коёт. Адвокаттар кеңешинин төрагасы Адвокаттар кеңешинин курамынан орун басардын талапкердигин Адвокаттар кеңешине шайлоо үчүн сунуш кылат, анын талапкердиги Адвокаттар кеңешинин мүчөлөрүнүн жалпы санынын ичинен көпчүлүк добушка ээ болууга тийиш. Адвокаттар кеңешинин төрагасынын орун басары Адвокаттар кеңешинин төрагасы жок болгон учурда анын ордун басат. Калган учурларда Адвокаттар кеңешинин төрагасынын орун басары өз атынан иш жүргүзөт.

4. Адвокаттар кеңешинин төрагасы өз ыйгарым укуктарын аткаруу мезгилинде адвокаттык иш жүргүзүүгө укуктуу эмес.

## II. Адвокаттар кеңешинин компетенциясы

**5.** Адвокаттар кеңешинин компетенциясына төмөнкүлөр кирет:

1) мамлекеттик органдарда, өз алдынча башкаруу органдарында, коомдук бирикмелерде жана башка уюмдарда Адвокатура өкүлү болуу;

2) Этика боюнча коммиссиядан жана Текшерүү комиссиясынан башка Адвокатура комиссиялары жөнүндө жоболорду бекитүү;

3) айлмактык адвокатуралар жөнүндө типтүү жобону бекитүү;

4) Адвокатура жөнүндө мыйзамдын 13-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пунктуна ылайык төраганы шайлаган аймактык адвокатуранын жалпы чогулушунун сунушу боюнча аймактык адвокатуралардын башкармаларынын төрагаларын дайындоо жана бошотуу;

5) Адвокаттарынын алдындагы Окуу борборунун директорун дайындоо жана бошотуу;

6) квалификацияны жогорулатуу программаларын жана адвокаттарды кесиптик даярдоонун типтүү методикасын бекитүү, ушул программалар боюнча кесиптик окутууну уюштуруу;

7) адвокаттардын социалдык жана кесиптик укуктарын коргоо;

8) адвокаттык иш менен алектенүүгө уруксаттама алган адамдарды Адвокатурага кабыл алуу; Адвокатура жөнүндө мыйзамда жана Уставда каралган учурларда Адвокатурадан чыгаруу;

9) Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын долбоорлоруна экспертиза жүргүзүүгө жана аларды иштеп чыгууга катышуу;

10) адвокаттык иш менен алектенүүгө уруксаттама алууга талапкелер үчүн экзамендик суроолордун тизмесин, кесиптик экзаменди тапшыруунун жана талапкерлердин билимин баалоонун тартибин иштеп чыгууга катышуу;

1) кепилденген мамлекеттик юридикалык жардам көрсөтүү маселелери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга сунуштады киргизүү;

12) Адвокаттар кеңешинин төрагасынын сыйакысынын өлчөмдөрүн эске алуу менен Адвокатуранын кирешелер жана чыгашалар сметасын, аймактык адвокатуралардын чегерүүлөрүн жана Адвокатура жөнүндө мыйзамга жана Уставга ылайык Съезддин компетенциясына кирген башка чечимдерди бекитүү; 500 000 ( беш жүз миң) сомдун чегинде өз алдынча бекитилген сметага ылайык, 500 000 (беш жүз миң) сомдон ашканда Съезддин макулдугу менен Адвокатуранын финансы каражаттарын жана мүлкүн тескөө;

13) Адвокатуранын аппаратынын кызматкерлеринин сыйакысынын өлчөмүн аныктоо, аларды сыйлоо, тартиптик жана мүлктүк жоопкерчиликке тартуу жөнүндө чечимдерди кабыл алуу;

14) адвокаттарды сыйлоо жана кызыктыруу жөнүндө чечимдерди кабыл алуу, мамлекеттик сыйлыктарга жана ардактуу наамдарга адвокаттарды көрсөтүү жөнүндө мыйзамдарда белгиленген тартипте өтүнүчтөрдү киргизүү;

15) адвокаттарды маалыматтык жактан камсыздоону уюштуруу; Адвокатуранын расмий сайтын иштетүү; Адвокатуранын башкаруу органдары жана Текшерүү комиссиясы кабыл алган чечимдерди сайтка жарыялоо;

16) кезектеги жана кезексиз Съезди чакыруу жана даярдоо, уюштуру комитетинин курамын, күн тартибинин долбоорун бекитүү; Адвокатуранын башкаруу органына жана Текшерүү комиссиясына шайлоо үчүн талапкерлерди көрсөтүү, уюштуруу комитети  иштеп чыккан Съездде шайлоону жана добуш берүүнү өткөрүү жөнүндө жобону бекитүү; Съездде жашыруун добуш берүү үчүн бюллетендердин формасын бекитүү;

17) Съезддин, Этика боюнча комиссиянын, Текшерүү комиссиясынын жана аймактык адвокатуралардын компетенциясына карата Адвокатура жөнүндө мыйзамда жана Уставда каралбаган башка ыйгарым укуктар.

## III. Адвокаттар кеңешинин төрагасынын компетенциясы

**6.** Адвокаттар кеңешинин төрагасынын компетенциясына төмөнкүлөр кирет:

1) мамлекеттик органдарда, өз алдынчаны башкаруу органдарында, коомдук бирикмелерде жана башка уюмдарда, ошондой эле ишеним катсыз Адвокатура кеңешинин төрагасы статусунда жеке жактар алдында Адвокатура өкүлү болуу;

2) Адвокатуранын атынан бүтүмдөрдү түзүү жана бекитилген сметага ылайык Адвокаттар кеңешинин чечими боюнча Адвокатуранын мүлкүн жана мүлктү арноону тескөө;

3) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана Уставда белгиленген ыйгарым укуктарды ишке ашыруу маселелери боюнча Адвакуратуранын өкүлчүлүгүнө ишеним каттарды берүү;

4) Адвокаттар кеңешинин отурумдарын чакыруу, даярдоо жана өткөрүү;

5) Адвокаттар кеңешинин мүчөлөрүнүн ортосундагы ыйгарым укуктарды, Төраганын жана анын орун басарынын ыйгарым укуктарын кошуу менен бөлүштүрүү;

6) Адвокатуранын аппаратынын кызматкелерин ишке кабыл алуу, иштен бошотуу, сыйлоо жана аларга тартиптик чара көрүү;

7) Съезддин жана Адвокаттар кеңешинин чечимдерин аткарууну камсыз кылуу;

8) Кеңештин финансылык-чарбалык ишине көзөмөлдүк жүргүзүү, буйруктарды жана тескемелерди чыгаруу;

9) Адвокатура жөнүндө мыйзамда, Уставда жана ушул Жободо белгиленген башка ыйгарым укуктарды ишке ашыруу.

## IV. Адвокаттар кеңешинин отуруму

7) Адвокаттар кеңешинин отуруму Адвокаттар кеңешинин мучөлөрүнүн жалпы санынан көпчүлүгү катышканда укуктуу болуп саналат.

8) Адвокаттар кеңешинин чечими Кеңештин мучөлөрүнүн жалпы санынан көпчүлүк добуш менен кабыл алынат жана кабыл алынгандан тартып 7 күндөн кечиктирилбестен Адвокатуранын расмий сайтында жарыяланат.

## V. Адвокаттар кеңешинин мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктарын токтотуу

9. Адвокаттар кеңешинин мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктары Адвокаттар кеңешини жаңы курамы шайланганга чейин сакталат.

10. Адвокатура жөнүндө мыйзамдын 6-беренесинин 3-бөлүгүнүн 3-пунктуна ылайык Адвокаттар кеңешинин мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктары Съезд тарабынан гана төмөнкү учурларда токтотулушу мүмкүн:

1) эгерде адвокаттын иши ал мамлекеттик жана муниципалдык кызматта иштеп турган мезгилде токтотулса, мамлекеттик бийликтин шайлоо органына аны шайлоодо, мөөнөттүү анык аскердик кызматта иштөөдө, ошондой эле мыйзамдарда каралган башка учурларда;

2) Адвокаттар кеңешине мүчөлүктү токтотуу жөнүндө кат түрүндөгү арызы боюнча арыз берген күндүн эртесинен баштап;

3) өлгөн учурда же аны өлдү, дайынсыз жоголду деп жарыялоо жөнүндө соттун чечими мыйзамдуу күчүнө киргенде;

4) Кыргыз Республикасынын жарандыгынан ажыраган учурда;

5) Адвокуратурадан чыгарылганда.

11. Кенештин мүчөсүнүн ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтоткон учурда анын ордун Адвокаттар съездинде бекитилген резервдик тизме боюнча кезекте турган талапкер ээлейт

12) Адвокаттар кеңешинин резервдик тизмеси Адвокаттар кенешинин шайланган мөөнөтүнө түзүлөт.

## V. Корутунду жоболор

13. Бул Жобо Съезд бекиткен учурдан тартып күчүнө кирет.

14. Бул Жобого өзгөртүүлөрдү киргизүү да Адвокатуранын башкаруу органдарынын же Адвокатуранын мүчөлөрүнүн беш проценттен кем эмесинин сунушу боюнча Адвокаттар съездинде бекитилет.

15. Ушул Жобонун ченемдери Адвокатура жөнүндө мыйзамдын, Этика боюнча комиссия жөнүндө уставдын жана жобонун ченемдерине ылайык келбеген учурда Адвокатура жөнүндө мыйзамдын, Этика боюнча комиссия жөнүндө уставдын жана жобонун ченемдери иштейт. Адвокаттар кеңеши орун алган карама-каршылыктарды жоюуга жана ушул Жобону көрсөтүлгөн ченемдик жана ички (локалдык) актыларга ылайык келтирүүгө карата чараларды көрсүн.